УДК 378.1

**СУЛТАНБАЕВА Г.С.**
*И.Арабаев атындагы КМУ*
*Кыргызстан, Бишкек*
***Sultanbaeva G.S.***
*I.Arabaev atyndagy KMU*
*Kyrgyzstan, Bishkek*

# БИЛИМ БЕРҮҮЧҮЛҮК ПОРТФОЛИОНУН ТЕХНОЛОГИЯСЫ

# ТЕХНОЛОГИЯ ОБРАЗОВАТЕЛЬНОГО ПОРТФОЛИО
# EDUCATION TECHNOLOGY PORTFOLIO

***Аннотация:*** *Төмөнкү макалада биздин изилдөөнүн алкагында портфолиону студенттердин билим алуу жана кесиптик ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктарын баалоонун технологиясы катары карайбыз. Студенттердин изилдөөчүлүк компетенциясынын (ИК) калыптанышынын даражасын баалоо үчүн көп учурда өзүн-өзү талдоонун, өзүн-өзү баалоонун жана студенттин өзүн-өзү өнүктүрүүсүн долбоорлоонун бардык мүмкүн болгон формалары пайдаланылгандыктан портфолио технологиясы студенттердин изилдөөчүлүк компетенциясын баалоо үчүн да туура келээри каралган.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *электрондук билим берүүчүлүк портфолио, изилдөөчүлүк компетенция, технология, студент, өзүн-өзү баалоо.*

***Аннотация:*** *В рамках нашего исследования мы рассматриваем портфолио как технологию оценивания результатов образовательной и профессиональной деятельности студентов. Поскольку, для оценки степени сформированности исследовательской компетенции (ИК) зачастую используются всевозможные формы самоанализа, самооценки и проектирования саморазвития студента, то технология портфолио подходит и для оценки сформированности ИК обучающихся.*

***Ключевые слова:*** *электронное образовательное портфолио, иследовательская компетенция, технология, студент, самооценка.*

***Annotation:*** *In our research, we consider the portfolio as a technology evaluation of the results of the educational and professional activity of students. As for assessing the degree of formation of the research competence (IC) is often used various forms of self-awareness, self-esteem and self-design student, the technology portfolio is suitable for evaluation of formation of IR students.*

***Keywords:*** *electronic educational portfolio, isledovatelskaya competence, technology, student self-assessment.*

Ата мекендик билим берүү системасында портфолиону пайдалануунун башаттарына өзгөчө таланттуу балдар менен иштөө маселелери боюнча 2004-жылдын 18-июнундагы Билим берүүнү өнүктүрүү боюнча Кыргыз коомдук кеңешинин отурумунун жыйынтыктарын кошууга болот. Бул талкуунун материалдарында перспективалуу багыттар катары студенттердин билимдеринин, айрыкча, аудиториялык иш учурунда алынган билимдеринин жыйынтыктарын баалоо системасын түзүү каралган, бул ыкма ар бир студенттин өнүгүүсүнүн жекече траекториясын үйрөнүүгө мүмкүндүк берет. Акыркы он жылдын аралыгында дүйнөлүк билим берүүдө портфолиону пайдалануу тууралуу көп сандагы китептер жарыкка чыккан (Е.В.Григоренко [1], В.К.Загвоздкин [2], Т.Г.Новикова ж.б.). бир катар диссертациялык эмгектер (Е.Ю.Кудрявцева, С.И.Никитина, М.А.Пинская, Э.Х.Тазутдинова, И.Н.Титова ж.б.) ар кыл предметтерге окутууда, жана, айрыкча, изилдөөчүлүк ишмердүүлүктү (В.В. Коршунова [3]) уюштурууда портфолио түзүүнүн, алып жүрүүнүн жана пайдалануунун методикалык аспектилерине арналган. Портфолио идеясын пайдалануунун айрым тарыхый аспектилери автордун эмгектеринде көрсөтүлгөн. Портфолиону пайдалануу тууралуу бар эмгектердин көпчүлүгү жалпы жана орто билим берүү системасы үчүн иштелип чыккан жана апробацияланган. Анын жогорку билим берүүдө колдонулушу тууралуу “айрым документтер жана фактылар гана айтып турат, маалымат сүрөттөөчү жана методикалык эмес, эң алды менен көйгөйлүү же долбоордук мүнөзгө ээ”. Баалоонун салттуу системасын өнүктүрүүгө таандык студенттик портфолионун мүмкүнчүлүктөрү, ошондой эле аны конкреттүү предмет алкагында портфолио алып жүрүүгө мүмкүндүк берген, окуу процессине кийирүүнүн механизмдери жетиштүү негиздемеленген эмес. Бул тууралуу кененирээк автордун эмгегинде айтылган.

Билим берүүчүлүк портфолио идеясы изилдөөчүлүк компетенцияларды (ИК) калыптандыруу үчүн жаңы эмес болгондугуна карабастан (мисалы, Л.А.Черняеванын диссертациялык изилдөөсүндө ал педагогикалык колледждин студенттеринде тиешелүү сапаттарды өнүктүрүү үчүн колдонулат, А.А.Ушаков [5] портфолиону биология курсун окутуу процессинде жалпы билим берүүчү мектептин окуучуларынын изилдөөчүлүк компетенттүүлүгүнүн калыптандыруу максатында колдонот),

математикалык дисциплиналарды окутууда педагогикалык жождун студенттеринин изилдөөчүлүк компетенттүүлүгүн калыптандыруу үчүн портфолио технологиясын пайдалануу методикасы жетиштүү иштелген эмес.

Портфолио тууралуу идеянын кеңири таралышы адабияттарда бул түшүнүктүн бир тараптуу трактовкасына алып келген эмес, азыркыга чейин так сүрөттөө да, ошондой эле билим берүү портфолиосунун аныктамасы да жок. Студенттик портфолионун маңызын аныктоо үчүн сөздүктөргө жана чет элдик практикага кайрылып көрөлү. Портфолио француз тилинен которгондо “porter – баяндоо, айтып берүү, алып жүрүү жана folio – барак, бет” деп берилет. Орус-англис сөздүгү “portfolio”ну портфель катары трактовкалайт. Бизнес жана менеджмент терминологиялык сөздүгүндө portfolio баалуу кагаздардын портфели катары колдонулат. Орус тилинин чакан академиялык сөздүгүндө портфолио “документтерди сактоо үчүн көктөмө...; кайсыл бир мекеменин же тараптын сунуштаган товарлары, кызматтары тууралуу маалымат берүүчү, көктөмөгө же Интернет сайтына топтолгон сүрөттөрдүн, эмгектердин үлгүлөрүнүн коллекциясы” катары аныкталат. Экономикалык энциклопедия портфолиону экономикалык субъектинин байлыгын түзүүчү активдердин комбинациясы катары трактовкалайт. Педагогикалык адабияттарда да бирдиктүү көз караш жок, мисалы, портфолиону «жалпы темага... бириктирилген автордун эмгектеринин сериясы...; предмет боюнча окуу жетишкендиктеринин көргөзмөсү...; окутуучулар жана студенттер тарабынан билимдерге, көндүмдөргө жана окуучулардын мамилелерине мониторинг жүргүзүү үчүн колдонулуучу далилдердин системалуу жана атайын уюштуруп чогултуу; окуунун жыйынтыктарынын максаттуу жана үзгүлтүксүз баалоонун жана өзүн баалоонун формасы”, “окутуу процесси боюнча жыйынтык маалымат; окуучунун белгилүү бир убакыт аралыгындагы билим алуучулук ишмердүүлүгүнүн жеке жетишкендиктерин каттоонун, топтоонун жана баалоонун ыкмасы” ж.б. катары аныктаган формулировкалар кездешет. Көрсөтүлгөн аныктамалар, билим берүү портфолиосун, бир жагынан, технология катары, ал эми экинчи жагынан – продукт катары кароого боло тургандыгын күбөлөйт. Биздин изилдөөнүн алкагында биз көрсөтүлгөн позициянын биринчисине ири даражада карманабыз, биз портфолиону студенттердин билим алуу жана кесиптик ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктарын баалоонун технологиясы катары карайбыз. Портфолиону аныктоого карата мамилелердин айырмачылыгы ар бир конкреттүү учурда кеп эмне жөнүндө болуп жаткандыгын тактап туруунун зарылдыгы тууралуу күбөлөйт.

Биз Т.Г.Новикованын, М.А.Пинскаянын, А.С.Прутченковдун, Е.Е.Федотованын, билим берүү системасынын жаңы максаттарын жана баалуулуктарын чагылдыруучу, баалоонун технологиясы катары билим берүүдө портфолиону пайдалануунун натыйжалуулугун белгилеген, көз караштарын колдойбуз. Ошол эле учурда портфолионун чет элдик билим берүүдөгү ийгиликтүүлүгүнүн себептери катары төмөнкүлөр белгиленет: портфолио “бүтүн билим берүүчү стратегиянын” курамына кирет, билим берүү процессинин жыйынтыкка карата багыттуулугуна каршы келбейт; портфолио окуучуга окуу ишмердүүлүгүндө өз алдынчалуулукту жана демилге көтөрүүнү көрсөтүүгө мүмкүндүк берет; портфолио “өмүр бою окуу (longlife education)” актуалдуу билим берүү тенденциясына туура келет; портфолио ийкемдүүлүк сапаттарына ээ болгон, өнүгүп туруучу билим берүүчүлүк технология болуп саналат.

Бул изилдөөнүн алкагында студенттик портфолио катары биз төмөнкүлөрдү түшүнөбүз: бир жагынан, студенттин билиминин жыйынтыктарын жана жетишкендиктерин сунуштаган продукт түрүндөгү, экинчи жагынан – окуучуда өзүнүн ишмердүүлүгүн кесиптик-предметтик тармакта пландоо жана анализдөө көндүмдөрүн калыптандыруунун даражасын мүнөздөөчү, окуучунун материалдарынын жекече тандалган топтому.

Изилдөөчүлүк компетенциянын калыптанышынын даражасын баалоо үчүн көп учурда өзүн-өзү талдоонун, өзүн-өзү баалоонун жана студенттин өзүн-өзү өнүктүрүүсүн долбоорлоонун бардык мүмкүн болгон формалары пайдаланылгандыктан, портфолио технологиясы окуучулардын изилдөөчүлүк компетенциясын баалоо үчүн да туура келет.

Маалыматтык технологиялардын жана электрондук коммуникациялардын кеңири таралышы студенттерге кагаз жүзүндөгү эмес, электрондук же е-портфолио жүргүзүүнү (С.В.Ильичева, В.В.Коршунова ж.б.) максатка ылайыктуу кылат, себеби мындай формат глобалдык түйүн каражаттары аркылуу группалаштар, окутуучулар, ал эми келечекте мүмкүн болгон жумуш берүүчүлөр менен натыйжалуу барлашууга көмөк көрсөтөт. Анын үстүнө электрондук портфолио жеке сайтта да, ошондой эле университеттин сайтынын атайын бөлүнгөн бөлүмүндө сакталышы мүмкүн.

И.Арабаев атындагы КМУнун математикалык факультетинин студенттери тарабынан электрондук портфолио түзүү жана алып жүрүү методикасы окутуунун долбоордук методун пайдаланууга негизделген. Бул методдун алкагында билим берүү процессинин катышуучуларында белгилүү бир позициялар бекемделет: окутуучуда – долбоорлордун жетекчиси, аларды башкаруу методологиясы (студенттердин окуу-изилдөөчүлүк ишмердүүлүгүн уюштуруу жана аларда изилдөөчүлүк тажрыйбаларды демилгелөө; ар бир окуучунун рефлексияга жана индивидуалдуулукка

карата жөндөмдөрүн өнүктүрүү) боюнча адис ролу жүктөлөт; ал эми студенттери ролу окуу-изилдөөчүлүк иштин, өз алдынча таануунун, өзүн аныктоонун, өзүн көрсөтүүнүн элементтерин тандоодо жатат.

Студенттин е-портфолио алып жүрүүсү боюнча иштерди уюштурууга карата сунуштар автордун басылмаларында берилген [6].

**Адабияттар**


1. Григоренко, Е.В. Портфолио в вузе: метод, рекомендации [Текст] : учеб. пособие / Е.В. Григоренко. - Томск: Изд-во ТГУ, 2007. - 64 с. ii.tsu.ru/userfiles/metodichkaportfoliowuze.doc (Дата обращения 07.03.2008).
2. Загвоздкин, В.К. Метод портфолио- нечто большее, чем альтернативный способ оценки [Электронный ресурс] // http://www.childpsy.ru - Центр методологии ИТИП РАО (Дата обращения 11.08.10).
3. Новикова, Т.Г. Портфолио в зарубежной образовательной практике [Текст] / Т.Г. Новикова, М.А. Пинская, А.С. Прутченков, Е.Е. Федотова // Вопросы образования. - 2004. - №3. - С. 201 - 239.
4. Коршунова, В.В. Организация исследовательской деятельности по информатике при создании Е-портфолио [Текст] : автореф. дис. ... канд. пед. наук : 13.00.02 / Коршунова Вера Владимировна. - Москва, 2009.-23 с.
5. Ушаков, А.А. Развитие исследовательской компетентности учащихся общеобразовательной школы в условиях профильного обучения [Текст] : дис. ... канд. пед. наук : 13.00.01 /Ушаков Алексей Антонидович. - Майкоп, 2008. - 190 с.
6. Султанбаева Г.С. Вестник Ошского государственного университета, Вестник 2016.